**Жаңы маалыматтык технологиялар институту**
**Окумуштуулар кеңешинин отурумуна токтомдун аткарылуусунун ар бир пункту боюнча маалымат даярдалсын (жасалган иш, далилдер, графиктер, сүрөттөр ж.б.)**

1. . Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун директору У. Керимовдун "Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун учурдагы абалы жана келечеги" деген отчету;

**2.** *Институттун профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү жана илимий-изилдөө иштерин активдештирүүсү (эл аралык коммуникациялар жана инновациялар боюнча проректор А.К.Чалданбаевага, директор У.Т. Керимовго жүктөлсүн);*

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү жана илимий изилдөө иштери боюнча институтта 2 кафедра иш алып барат. Жалпы бакалавр-магистратура багыттары боюнча 34 окутуучу, анын ичинен 11 илимий даражасы менен, 33% көрсөткүчтү көрсөтөт. 2023-2024- окуу жылы институттун профессордук-окутуучулар курамынын сапаттык көрсөткүчүн көтөрүү үчүн сырттан УИАсынын корреспондент мүчөсү, т.и.д., профессор Бримкулов Улан Нургазиевич, ф.-м.и.к., доцент Токтакунов Токтобек, э.и.к., доцент Чороев Калыбек штатка жумушка алынды. Ошондой эле э.и.к., доцент Чороев Калыбек Чороевич физика-математика илимдери докторлук ишин жактап, институтка дагы доктор кошулду. Жалпысынан институтта профессор Бийбосунов Б.И., профессор Бримкулов У.Н., профессор Алымбаев А.Т., проф.м.а. Курманбек уулу Т., проф.м.а. Чороев К.Ч эмгектенишет. Ал эми PhD докторантура боюнча 2 окутуучу окуп жатат, 2025-2026-окуу жылы илимий иштерин коргошот. 2024-2025-окуу жылы 2 жаш изилдөөчү аспирантурага тапшырды. Институттун профессордук-окутуучулар жамааты чет өлкөлүк жыйнактарга 18 макала, Кыргызстан ички жыйнактарына 41 макала, 2023-2024-окуу жылына 59 макала жарыялашкан. Ал эми чет өлкөлүк жыйнактарга 19 макала анын ичинен 4 Scopus, Кыргызстан ички жыйнактарына 70 макала анын ичинен И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысына 61, 2024-2025-окуу жылына 89 макала чыкты жана окуу жыл аягына чейин 20 га жакын макала даярдалып, конференцияларга сунушталды. Институтта 2024-жылы Дүйшөнкул Бекболотовдун жаркын элесина арналган илимий практикалык конференция жана Дайырбек Карагуловдун жаркын элесина арналган студенттик-илимий практикалык конференция болуп өттү. Өткөрүлгөн конференцияны арналган агайдын уул-кыздары кофе-брейк, түшкү тамак менен коноктерду сыйлашты. Конференциядагы макалалар университеттин жыйнагына жарык көрдү.





2025-жылы 25-апрелге эл аралык IT форум пландаштырып, 28 университеттерге чакыруу жиберилген, анын ичинен чет өлкөлүк 9 университет.

**3.** *Институттагы окуу процессинде студенттердин билим сапатын өркүндөтүү боюнча окуу пландардагы предметтердин мазмунуна көңүл буруу жана окуу-методикалык иш чараларды уюштуруусу: спецификалык ишмердүүлүгүнө жараша окуу-методикалык куралдардын, колдонмолордун чыгарылышы кеңейтилсин (Окуу иштери боюнча проректору Т. Курманбек уулуна, директор У.Т. Керимовго, профессордук-окутуучулар курамына жүктөлсүн;*

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун окуу процессинде студенттердин билим сапатын өркүндөтүү боюнча окуу пландардагы предметтердин мазмунуна көңүл буруу үчүн азыркы замандын талабына ылайык профессордук-

окутуучулар жамаатынын квалификациясын жогорулатуу үчүн эл аралык Nimbl академиясынан 1 жылдык 90 сабактан турган курсу "Жасалма интелект" боюнча 4 окутуучу окушту. 3D моделдөө боюнча 2 окутуучу онлайн форматта катышты.
Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн окутуучулары жогорку квалификациялуу илимий кадрларды даярдоо НДИТА "Алтын түйүн" гө "Информатика мугалимдери үчүн Puthon программалоо маселелердин чечилиши" темасында 72 сааттык "тренинг – семинарына катышты.
Институттун профессордук-окутуучулар жамааты квалификациясын жогорулатып 32, 64 сааттык курстарга ККББИна катышышты. Азыркы күндө окуу пландарынын негизинде иш алып барууда.
Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун уюштурулду. профессордук-окутуучулар курамы үчүн программист-тренер Бактыгул Атаев "Эффективдүү окутуу: Сингапур методикасынын сырлары" аталышында семинар өттү. Иш-чаранын жүрүшүндө Сингапур методикасынын өзгөчөлүктөрү жана анын билим берүү процессиндеги натыйжалуулугу боюнча маалымат берилди. Иш-чара окутуучулардын квалификациясын жогорулатууга жана аларга заманбап окутуу ыкмаларын өздөштүрүүгө багытталган







**4.** *Жаштар саясатындагы инсанды тарбиялоо максатында ар кандай уюмдар менен иштөөнү күчөтүү, студенттердин ички мүмкүнчүлүгүн ойготуу, мамлекеттик тилде студенттердин арасында иш-чараларды өткөрүү жана ден соолугун чыңдоо максатында спортко тартуу үчүн иш чараларды уюштуруу, студенттерди предметтик эл аралык олимпиадаларга даярдоо максатында иш алып баруу, Президенттик стипендияга алдын ала даярдоо иштерин көрүү (Мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору Жайна Садыкбек кызына, директор У.Т. Керимовго, профессордук-окутуучулар курамына жүктөлсүн);*

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунда студентерди тарбиялоо максатында ички мүмкүнчүлүгүн ойготуу, мамлекеттик тилде студенттердин арасында иш-чараларды өткөрүү жана ден соолугун чыңдоо максатында спортко тартуу үчүн иш чараларды уюштуруулду.


| № | Аталышы | Фото отчет |
|---|---|---|
| 1 | **23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү**нө карата К.Баялинов атындагы китепкана менен биргеликте "Бугу эне" жомогун аткарышып келишти. Катышкан институттун 1-курстун ИТУ(б)-2-24, ИСТ(б)-2-24 тайпаларынын студенттери катышты жана жетектеп барган окутуучу Карымшакова А. | |
| 2 | **23-сентябрь Мамлекеттик тил күнү**нө карата колледждин 1-2-курстун студенттери менен биргеликте "Тил- улуттук маданият, улуттук байлык улуттук мурас" кыргыз тил мугалимдери майрамдык кече тартулашты. Жооптуулар: Тентиева Эркингуль Абдыкадыровна, Кочкорбаева Перизат Эстебековна | |
| 3 | 25- сентябрда Кыргыз Республикасынын улуттук тарых музейинде Кыргыз Республикасынын маданият маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги тарабынан уюштурулган Кара кыргыз автономиялуу облусунун түзүлгөнүнө 100 жылдыгына арналган иш чарага ПИ-1-24 группасы куратору Досманова А.Р. жана АСУ-1-24 группасы куратору Асангазиева З.А. каташып келишти. Иш чаранын алкагында режиссер Тилек Мураталиевдин "Кыргызстандын өнүгүү доору" даректүү хроникалык тасмасы көрсөтүлдү. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин, Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун, А-1-24 тайпасы жана куратору Асангазиева Зээнбүбү Акотовна, Кыргыз Республикасынын “Ынтымак Ордосуна” экскурсия менен барып келишти.<br>Экскурсовод ичиндеги кыргыз элимдин тарыхы камтылган картиналар менен тааныштырды. Кандай курулуш менен жасалып жана кандай жагдайлар менен курулганын жеткиликтүү кылып студенттерге айтып берди. Студенттерге ар бир Семетей, Сейтек ж.б. бөлүктөрү менен тааныштырып, экскурсия кызыктуу өттү.<br>Өлкөнүн келечектеги тилеги, кыялы, чоң максаттары, жетишкендиктери алдыда биздин студенттер менен б.а. азыркы жаштарда экендигине патриоттук сезимдерине мотивация алышты |  |
| 5 | 2024-жылдын 9-октябрь күнү, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун студенттери борбордук эски аянтта өткөн “Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу” аталышында иш-чарага катышты.<br>Иш-чара Бишкек шаардык мэриясынын демилгеси менен өтүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “5-октябрь – Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу күнү” деп жарыялаган атайын бир айлыктын алкагындагы иш-чаралардын жыйынтыгы болуп саналат. Иш-чаранын негизги максаты кырсыктардын алдын алуу жана тобокелдиктерди азайтууга багытталган иш-чараларды жыйынтыктоо жана алардын натыйжаларын коомчулукка жеткирүү болуп саналат. Иш чарага институттун окутуучусу Мукидин уулу Кубан ПИ(б)-2-24 группасынын студенттери менен катышып келди |  |
| 6 | 2024-жылдын 9-октябрында Т.Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрында болуп өткөн М.Карим “Ай тутулган түндө” премьерасына И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун АСУ-11-24, ПОВ-6-24 студенттери кураторлору менен биргеликте барып келишти. |  |
| 7 | 2024-жылдын 29-октябрында Т.Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрында болуп өткөн Саякбай Каралаевдин “Эр Төштүк” премьерасына И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун ИТУ(к)-1-24, И(б)-1-24 студенттери кураторлору менен биргеликте барып келишти. |  |
| 8 | 2024-жылдын 29-октябрында ПОВ-5-24 группасы куратору Сапаралиева Асел менен биргеликте Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын нумизматикалык музейине барып келдик. Студенттер музейден көптөгөн кызыктуу маалыматтарга ээ болушту. Бул күнү даталуу «Каржылоо күнүнө» туш болгонубузга байланыштуу, студенттерге оюн уюштурушуп, активдүү катышкан студенттерге ар кандай кызыктыруучу ручка, тетрадь, футболка, браслет ж.б. белектер сыйлашты. Студенттерге валюталар качан пайда болгонун, биринчи жаралуулар кандай болгонун, аларга кандай мамиле жасоо керектигин ж.б. көптөгөн маалыматтар берилди. |  |
| 9 | Тарыхый мурас жана анын азыркы коом үчүн мааниси:<br>« Сабактын максаты: Тарыхый мурастын азыркы коомдун калыптанышындагы маанисин түшүнүү жана баалоо, тарыхты изилдөөгө болгон кызыгууну өнүктүрүү, ошондой эле келечек муундар үчүн билим жана дем булагы катары маданий жана тарыхый эстеликтерди сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүү. 2024-жылдын 4-ноябрында А-11-23 тобу Кыргыз Республикасынын Улуттук Тарых Музейине барышты, бул билим берүү программасынын маанилүү бөлүгү жана тарых дүйнөсүнө кызыктуу саякат жасоонун максаты болгон уникалдуу экспонаттар жана маданий экспонаттар менен таанышып, ошондой эле. Тарыхый мурастын заманбап коом үчүн маанисин жакшыраак түшүнүү үчүн музей өткөндү азыркы учур менен байланыштырууга жардам берген жана маданий баалуулуктарды сактоонун маанилүүлүгүн баса белгилеген сейрек жана баалуу буюмдарды өз көзүңүз менен көрүү мүмкүнчүлүгүн берди. |  |


| | | |
|---|---|---|
| 10 | 04.11.2024-ж. Илим күнүнө карата "Илимий жумалык" алкагынын негизинде Пов-4-24 тайпасынын куратордун жетектөөсүнүн негизинде балдарды окууга китеп дүйнөсүнүн тереңдетип окууга илимин тереңдетүүнүн максатында К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана жаштар китепканасы жана А.Осмонов атындагы Улуттук китепканага тааныштырып келди |  |
| 11 | - 12-ноябрда ПИ-1-24 группасынын куратору Досманова А.Р жалпы группа менен Дайыр Асанов атындагы Жениш паркына, эки элдин достугун бириктирген Кыргызстан – Азербайжан достук сейил багына барып студенттерде сейл багын корсотуп, тааныштырып келди. |  |
| 12 | Институтта 20-ноябрь күнү, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун (ЖМТИ) окутуучулары Рита Бейшекеева жана Мээрим Нурманбет кызы Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгына карата **ачык сабак** өттү. Иш-чарага ЖМТИнин профессордук-окутуучулар курамы жана студенттер катышты.<br>Бул сабактын максаты – студенттерге Кыргызстандын тарыхындагы маанилүү этаптардын бири болгон Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун түзүлгөндүгүнүн маанисин түшүндүрүү жана бул тарыхый окуянын мамлекеттүүлүктүн калыптанышына кошкон салымын ачып берүү. |  |
| 13 | Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун студенттерине Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин милициянын полковниги Раатбек Турусбеков «Мекен тынчтыгы» темасына лекциясын өттү.<br>Тарбия иштери боюнча координатору Т.К. Ниязбеков жана кураторлор катышты. Лекциянын жүрүшүндө мыйзамдуулук, тазалык, толеранттуулук, улуттар аралык достук, жарандык милдети, Ички жана тышкы коопсуздук ж.б. боюнча маалымат алышты. |  |
| 14 | 28.11.2024-ж. 1-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата "Жугуштуу оорулар" боюнча ЖМТИнин орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн 2-3-курстарына конок лекция уюштурулду. |  |
| 15 | 25-ноябрда Курамдар аралык студенттердин катышуусунда "Акыл-тирек" интелектуалдык оюну ЖМТИнин студенттик парламенти тарабынан уюштурулду. Иш-чаранын максаты: студенттердин билим деңгээлин жогорулатуу, жаңы маалыматтарды өздөштүрүү жана чыгармачыл жөндөмдөрүн өнүктүрүү. Иш-чара ар багыттагы суроолор камтыган бир нече этаптан туруп, студенттер өз чеберчиликтерин көрсөтүштү. |  |
| 16 | **ЖМТИнин** ПОВ-1-24 группасы куратору Акматова Асел менен биргеликте Кыргыз Республикасынын **Суймонкул Чокморов** музей-өнөрканасы барып келди. **Сүймөнкул Чокморов** <u>советтик</u> кыргыз кино актёру жана сүрөтчүсү. Ал жыйырманчы кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздын залкар инсаны, даңазалуу сүрөтчү жана кино актёру, өмүр баянын, студенттер музей-өнөрканасы көптөгөн кызыктуу маалыматтарга ээ болушту. Студенттерге **Сүймөнкул Чокморовтун** бассып өткөн өмүр баян угуп, буюмдарын корушту. **Сүймөнкул Чокморовтун** көп өнөрлүү инсан, угуп студенттерди эрки кучтуу болушуна шыктандырат. |  |
| 17 | 26- ноябрда А-2-24 тайпасы куратору Бейшенбекова Алина менен чогуу Т.В.Фрунзенин Мемориалдык үй музейине барып Т.В.Фрунзенин өмүр баяны менен таанышып, студенттер кенен маалымат алып келишти. |  |
| 18 | 26- ноябрда ПОВ-2-24 тайпасы куратору Бактыяр кызы Айжан менен Кыргыз Улуттук Тарых музейине баарып кенен маалымат алып келишти. Ошондой эле кыргыз элине салт болуп калган сайма, түктүү жана түксүз токулмалар, улуттук кийим-кечелер, улуттук өзгөчөлүгү бар аялдардын жасалгалары жана чеберчилик менен көркөмдөлгөн ат жабдыктары - музейдин сыймыгы. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 19 | Жаны маалыматтык техологиялар институтунун ПОВ-7-24 тайпасы жана куратору Аскар кызы Сезим. К.Баялинов атындагы Республикалык балдар жана жаштар китепканасы менен таанышып келдик Экскурсиянын максаты: Кыргыз эл жазуучусу Касымалы Баялиновтун өмүр баяны жана китепкана менен таанышуу. |  |
| 20 | ЖМТИнин "Кыргызстан боюнча 25-ноябрдан 10-декабрга чейин «Аялдарга карата зомбулукка каршы» 16 күндүк Эл аралык акциясы" на катышууда. Бул жүрүп жаткан акцияга биздин окуу жай да сыртта калбай Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун орто кесиптик окуу жайынын студенттери менен бирге видео ролик тартып, акцияга катыштык. Анда ПОВ 4-24 тайпасынын студенттеринин өздөрү тарткан видеосу көрсөтүлдү. Студенттер менен тегерек столдо ар кандай ой пикирлер айтылып, видео жөнүндө талкуу жүрдү. «Аялдарга жана балдарга карата зордук-зомбулук күн сайын өсүүдө. Зордук-зомбулук аялдардын көйгөйү эмес, жалпы коомдун көйгөйү. Биз зордук-зомбулуктун түпкү себебин таап, аны түп тамырынан чечишибиз керек. Зордук-зомбулук боюнча аялдарды жана балдарды коргой турган мыйзамдарды иштеп чыгуу зарыл. |  |
| 21 | 4-декабрь И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун, 4-декабрь 2024-жылы Кыргыз улуттук тарых музейиде манас эпосунун күнүнө карата арналган иш чарага Тарбия иштер боюнча координатору Ниязбеков Т.К. 1 курстун ПИ-1-24 куратору Досманова А.Р. А-1-24 тайпасынын куратору Асангазиева З.А. катышып келишти. Иш чарага Казакстандан Ташкенттен мансчылар катышышты,иш чаранын журушунде 'Манас эпосу –Кыргыз рухунун туу чокусу' аттуу Манас экспозициясынын ачылышы болду. Өлкөнүн келечектеги тилеги, кыялы, чоң максаттары жетишкендиктери алдыда биздин студенттер менен б.а. азыркы жаштарда экендигине патриоттук сезимдерине мотивация алышты. |  |
| 22 | 12-декабрь **«Чыңгыз Айтматов – аалам жазуучусу»** кече, 2-корпус ЧЖЗ 9:00 убактысында уюштурулду. Айтматовдун чыгармалары аркылуу студенттер адамдын табиятка, коомго, ааламга болгон мамилесин жана аларга кылган таасирин түшүнүп, өздөрүнүн дүйнө көрүшүн кеңейтет Чыгармачылыгында коомдогу жана адамдын ички дүйнөсүндөгү көйгөйлөрдү, адамгерчилик, сүйүү, достук, туруктуулукту талкуулоо аркылуу адамдык баалуулуктарды кайтадан ойлонууга чакырат Гуманитардык жана табигый математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучулары Тентиева Э., Кочкорбаева П.Э. "Ч.Айтматов аалам жазуучусу" аттуу иш- чара өткөрүштү. |  |
| 23 | Институтта **"Адамдардын жана жарандардын укуктары"** аталышында тегерек стол өттү. Иш-чарага профессордук-окутуучулар курамы жана студенттер катышты. Иш-чаранын жүрүшүндө адам жана жаран укуктары боюнча баяндамалар жасалып, балдардын укуктарын коргоо боюнча учурдагы абал жана адам сатууга каршы күрөш маселелери талкууланды Ошондой эле, студенттер тарабынан даярдалган видеороликтер жана концерттик программа тартууланды. Бул иш-чара укуктук сабаттуулукту жогорулатуу, студенттерге жана педагогдорго адам укуктары тууралуу терең түшүнүк берүү жана жарандардын милдеттерин аткарууга мотивация жаратуу максатын көздөйт. Ошондой эле, коомдук маселелерди чечүүдө инновациялык чечимдерди издөөгө багытталган. |  |
| 24 | ЖМТИнин "Кыргызстан боюнча 25-ноябрдан 10-декабрга чейин «Аялдарга карата зомбулукка каршы» 16 күндүк Эл аралык акциясы" на катышууда<br>Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин, Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун, А-1-24 тайпасы жана куратору Асангазиева Зээнбүбү Акотовна, 25-ноябрдан 10-декабрга чейинки 16 күндүк гендердик акцияга карата кураторлук саат өттү. Бүгүн аялдарга жана кыздарга зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында жана аны жоюуга чакырган 16 күндүк гендердик зомбулукка каршы акциясына А-1-24 маалымат түшүнүк берилди. Жыл сайын жүргүзүлүүчү глобалдык акция 25-ноябрда , Эл аралык Аялдарга карата |  |

| | | |
|---|---|---|
| | зордук- зомбулуктун баардык түрлөрүн жоюу күнү башталып жана 10-декабрда Адам укутарынын Эл аралык күнүнө чейин болору айтылды .<br>16 күндүк акция аялдарга жана кыздарга карата зордук – зомбулукка байланыштуу жымжырттыкты жоюуга жана басмырлоонун бардык түрлөрүн токтотуу боюнча күчөтүүгө багыттылган. | |
| 25 | 17- декабрда И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин, Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун орто кесиптик билим берүүнүн гуманитардык жана табигый математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн окутуучусу Асангазиева З.А. группасы А-1-24 жана ПИ-1-24 менен "Арабаева- жети күн" спектаклине барып кличти. |  |
| 26 | 17.12.24ж Жаңы маалыматтык технологиялар институту тарабынан уюштурулган "Көгүлтүр от" аттуу жаны жылдык кечеге болду. Иш чаранын максаты: мугалим менен студенттин бирге иш алып баруусу жана ынтымакты бекемдөө |  |
| 27 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик статегиясы менен танышуу чогулушу болду. Ал 5-февраль саат 11:00дө 216 аудиторияда «Коррупцияга каршыбыз» деген темада Ж.Баласагын атындагы улуттук университетинин, Юридикалык институтунун "Ишкердик жана процессуалдык укук" кафедрасынын ю.и.к., доцент Россиянын Табигый илимдер академиясынын профессору Люкеев Эркебай Осмонович студенттерге конок лекция өттү. | |
| 28 | Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 жарлыгы менен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик статегиясы менен танышуу чогулушу болду. 1-курстун кураторлору " Биз коррупцияга каршыбыз" аттуу кураторлук саат өттүштү. Сабактын максаты: Студенттерге коррупция жөнүндө кененирээк маалымат берүү. Кураторлук сааттын жүрүшүндө, коррупция бул кылмыш, мыйзам бузуу жана коррупциянын түрлөрү жөнүндө маселелер каралып студенттер кенен маалымат алышты. Группалар " Биз коррупцияга каршыбыз" деген темада стенгазета даярдашып, өлкөбүз келечекте коррупциялык жашоодон арылып, демократиялык мамлекетти, акыйкаттык өкүм сүргөн мамлекетти курууга келечекте күрөшүбүз керек экенине ынанышты, анткени келечек мамлекеттин колунда эмес, мамлекеттин келечеги биздин колубузда.<br>13.02. КР ички иштер министрлигинин полковниги Турусбеков Ратбек Убайдылдаевич «Коррупция» боюнча студенттерге лекция өттү. |  |
| 29 | 21-февраль " Эл аралык эне тил" күнүнө карата "Тилибиз башка-дилибиз бир" аттуу адабий- музыкалык кечеге Жаңы маалыматтык технология институтунун ИТУ-2-24 группасынын студенттери борборубуздагы К.Баялинов ат.Республикалык балдар жана жаштар китепканасына барып келди. Максаты: ар улуттун окулдору жашаган Кыргызстандагы элдин ынтымагын бекемдөө, студенттерге тааныштыруу |  |
| 30 | ПОВ-6-24 тайпасынын студенттер куратору Аскар к Сезим "Федя" кино тасмасынын премьерасына катышты. 19-февраль күнү, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттери А. Малдыбаев атындагы Кыргыз Улуттук академиялык опера жана балет театрында өткөн "Федя" кино тасмасынын премьерасына катышты. Тасмада белгилүү советтик жана орусиялык футболчулардын бири, Федор Черенковдун өмүр баяны чагылдырылган. Федор Черенков – советтик жана орусиялык футболдун легендасы, ал ар дайым өзүнүн кадыр-баркын сактап, бардык кыйынчылыктарга жана сындарга карабай өз жолу менен барган инсан болуп эсептелет. Тасма анын өмүр таржымалын, жашоосун жана күрөшүн маанилүү учурлары көрсөтүлгөн. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 31 | 25-февралда Улуттук тарых музейинде Улуу Жеништин 80 жылдыгына арналган иш-чарага ПОВ-4-24 группасы барып келишти. Иш -чаранын жрүшүндө согуштун ардагерлерин эскерүү жана аларды урматтоо менен , ошол учурдагы кырдаал эскерилди. Студенттер мекенди сүйүүгө, патриоттуулукка мотивация алышып соңунда сүрөткө түшүштү |  |
| 32 | Кесиптик билим берүүнүн гуманитардык жана табигый -математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн 2024-2025 -окуу жылынын март айындагы декадасынын иш планы боюнча окутучуулар Сапаралиева Асел жана Аскар кызы Сезим саат 11.30да 3-этаж 313-дарсканада "Физикалык кубулуштар – жаратылышта" деген темадагы иш чарабыз болуп өттү. Иш чарага студенттер менен биргеликте активдүү даярданып, маалыматтарды так жана даана теманы ачып жеткирүүгө аракет кылдык. Иш чара оюн слайд, видео жана эксперименттер менен коштолду. |  |
| 33 | - 1-Мартта Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун орто кесиптик билим берүүнүн гуманитардык жана табигый -математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн 2024-2025 -окуу жылындагы декадасынын ачылышы болуп, бөлүмдүн орус тили жана орус адабияты сабактарынын окутуучулары Малаева А.Т. жана Рябиченко В.П. «Масленица- праздник проводов Зимы» аттуу иш-чара өткөрүштү. Иш-чарада орус элинин Масленица майрамы тууралуу видео ролик, студенттер даярдаган ырлар, бийлер жана конкурстар уюштурулуп, орус элинин улуттук тамактарынын көргөзмөсү болду. |  |
| 34 | Гуманитардык жана табигый -математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн 2024-2025 -окуу жылындагы декадасынын алкагында Досманова Анара Руслановна 4- мартта ПИ-1-24 группасына Математикалык викторина өттү. Викторинанын максаты, студенттердин чыгармачылык менен ой жүгүртүүсүн, эрктүүлүгүн , байкоочулук жана математикалык курчтугун өнүктүрүү менен математика сабагына болгон кызыгуусун арттыруу. Сабакка ЖМТИнин ОКББ бөлүмүнүн башчысы Н.С.Сейтказиева, бөлүмдүн окутуучулары Дюшембиева А.Т., Султанмахмутова Г.С, Исмаилова М.Т. катышышты |  |
| 35 | И.Арабаев атындагы КМУнун Жаны маалыматтык технологиялар институтунун 2-курсунун студенттери 5 -март Ак калпак күнүнө карата "Ак калпак-улуттук сыймык" темасвнда иш чара өткөрүштү. |  |
| 36 | 2025-жылдын 5 мартында Токтогул Сатылганов атындагы Кыргыз мамлекеттик филармониясында "Жаңы муун - жаркын келечек, таза муун - коопсуз келечек", аттуу жаштар форуму болуп өттү. Аталган форум Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "2022-2028-жылдарга карата укук бузуулардын алдын алуу чөйрөсүндөгү концепциясынын" жана 2023-жылдын 4-декабрында кабыл алынган иш-аракеттердин Улуттук планынын негизинде уюштурулган. ПОВ-2-24 ТАЙПАСЫна Куратору: БАКТЫЯР КЫЗЫ АЙЖАН. Форумдун негизги максаты - жаштар арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу, ошондой эле жаштар арасында укуктук маданиятты жакшыртуу болуп саналат. |  |
| 37 | Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун 1-курсстардын студенттеринин арасында 8-март "Бүткүл Эл аралык Аялдар майрамына карата "MISS ИНИТ 2025" өткөрүлдү. Максаты: 1. Аялдардын күнүнө карата майрамдык маанай тартуулоо. 2.Институттагы активдүү жана таланттуу кыздарды колдоо жана шыктандыруу. 3.Креативдүүлүктү жана лидерлик сапаттарды өнүктүрүү. |  |
| 38 | Кыргыз Республикасынын президентинин № 369 "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик унгужолу" жөнүндө жарлыгын ишке ашыруу максатында "Колдонмо информатика" жана "Билим берүүдөгү маалыматтык технологиялар" кафедраларынын окутуучулары ИСТ-20-22 жана ИВТ-19-22 тайпаларынын студенттери менен М.Р. Рахимова атындагы Кошумча кесиптик билим берүү институтунун "Педагогикалык жана гуманитардык дисциплиналар" кафедрасынын башчысы т.и.д. |  |

| | | |
|---|---|---|
| | проф.м.а. Г.К. Абдалиева жана аталган кафедранын окутуучусу В.Б Жумалиева уюштурган семинарга катышышты. | |
| 39 | Экология Тема: Жашыл ааламтайпасы: ПОВ-2-24 тайпасы, 17- март, 313 аудитория, убактысы: 10:00-11:20, окутуучу Бактыяр кызы Айжан өттү Гуманитардык жана табигый -математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн 2024-2025 -окуу жылындагы декадасынын алкагында Бактыяр кызы Айжан "Жашыл аалам" аттуу иш-чрар өттү. Иш-чаранын максаты табиятты коргоо жана экологиялык аң-сезимди өнүктүрүү, студенттердин жаратылышка болгон сүйүүсүн арттыруу, табиятты коргоонун маанилүүлүгүн түшүндүрүү. "Жашыл дүйнө", "Эко достор", "Био мурас" "Жашыл энергия" атуу командалар презинтация, видео роликтерди көрсөтүшүп, викториналык суроолорго жооп берип жатышты. Иш- чарага ГжТМД бөлүмүнүн башчысы А.Р.Досманова , ЖМИТнин координатору Ниязбеков Т.К, бөлүмдүн окутуучулары , Нурманбет кызы Мээрим, Дюшембиева А.Т, Акимбек кызы Жазгүл, Малаева А.Т, Молдарынова Н.К., |  |
| 40 | Адам жана коом Тема: Улут жана улуттар аралык мамилелер тайпасы: ПОВ-2-24 тайпасына 18- март 308- аудитория, убактысы 16.00 окутуучу Нурманбет кызы Мээрим өттү. Гуманитардык жана табигый -математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн 2024-2025 -окуу жылындагы декадасынын алкагында Бейшенбекова Алина Уланбековна 17- мартта А-4-24 группасына чет тили сабагынан ачык сабак өттү . Сабакка ГжТМД бөлүмүнүн башчысы А.Р.Досманова , бөлүмдүн окутуучулары Исмаилова М.Т,Бактыяр кызы Айжан , , Нурманбет кызы Мээрим, Малаева А.Т, катышышты. |  |
| 41 | 20-март күнү И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун Орто кесиптик билим берүү бөлүмүнүн Гуманитардык жана табигый математикалык дисциплиналар бөлүмүнүн март айындагы декадасынын алкагында 1-курстарынын арасында "Ар улуттун маданияты" аталышында конкурс өттү. Маданий иш-чарада ар бир улуттун саламдашуусу, ар улуттун тамактарынын көргөзмөсү жана ар улуттун ыр-бийи көрсөтүлдү.Конкурстун жыйынтыгында жеңүүчүлөр белектер менен сыйланды. |  |
| 42 | И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун студенттери "Күч –бирдикте" ыктыярчылар тобу менен учурда дарылануусуна акчалай каражат чогултулуп жаткан наристелер Аслан менен Байхан үчүн эки күндүк каражат чогултуу иш-чарасын уюштурушту. жалпы 36 800 сом топтолду. И.Арабаев университеттинин студенттеринин атынан Бек Жунусовго жыйналган жалпы 36 800 сом тапшырылды. |  |
| 43 | Бейшекеева Рита Эдиловна "Тарыхы болбой эл болбойт" аттуу тегерек стол өттү.Тегерек столдун максаты Маданий жана руханий байлыктарыбызды, доолтторубузду туура пайдалануу менен эзелтеден келе жаткан маданияттын баалуулугун жаштарга жайылтуу. Тегерек столдун жүрүшүндө студенттер кыргыздардын улуттук кийимдерин, када-салттарын , улуттук оюндарын, улуттук тамак-аштарын презинтациялашып, сценка коюшту. ЖМТИнин директору Керимов У.Т., ГжТМД бөлүмүнүн башчысы А.Р.Досманова , ЖМИТнин координатору Ниязбеков Т.К, бөлүмдүн окутуучулары , Нурманбет кызы Мээрим, Малаева А.Т, Сапаралиева А.С., Аскар кызы Сезим катышышты. |  |
| 44 | 26-март күнү, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун жана Физика-математика факультетинин студенттери арасында «Кыз-жигит сармерден» оюну өттү. Иш-чара КМУнун 80 жылдыгына карата уюштурулуп, студенттердин ынтымагы, билимге болгон кызыгуусу жана улуттук каада-салттарын жандандыруу боюнча сынактар жана оюндар өткөрүлдү.Иш-чаранын максаты: улуттук каада-салттарды, маданиятты өркүндөтүү жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүү. Бул иш-чара университеттин студенттери арасында ынтымакты бекемдеп, улуттук маданият менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк түздү. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 45 | 29-марта Жаны маалыматтык технологиялар институтунун гуманитардык жана табигый математика дисциплиналар бөлүмүнүн март айындагы декадасынын алкагында уюштурулган ден соолукту чыңдоо максатында 1- курстар арасында дене тарбия сабагы боюнча спорттук таймаш болуп өттү.<br>Спорттук таймаштын максаты: Институттун тайпалары арасында ынтымактыкты, достукту бекемдоо жана ошондой эле сергек жашоого тартуу<br>Таймаштын баскычтары:<br>1. Секиргичте секирүү<br>2. Топту ээлип барып шакекчеге салуу<br>3. Аркан тартышуу<br>4. 1 Кыз 1- бала топту чекеси менен маарадан маарага жеткирүү<br>5. Кап кийип алып маарадан маарага барып келүү |  |
| 46 | 2025-жылдын 3-апрель Т.Абдымомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрында болуп өткөн К.Акматов М.Байжиев “Эне” драмасына И.Арабаев атындагы КМУнун Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун ПОВ-6-24, ПОВ-7-24 тайпасынын студенттери кураторлору менен биргеликте барып келишти. |  |

Жаңы маалыматтык технологиялар институтунда президенттик стипендияга Беркуталиева Дильназ жана Айткулова Сезимди даярдап жатабыз. Бул студенттерди көрсөтүү үчүн талапка ылайыктап, азыркы учурда конференция, форум, дебаттарга катышууда жана конференцияларга катышып, илимий макалалары жарыкка чыгууда.

***5. Замандын агымына жараша талапка жооп берген заманбап жабдыктар менен камсыз кылынсын, университет тарабынан каржылоо маселеси жыл сайын каралсын. Ошону менен бирге (каржылоо үчүн чет элдик демөөрчүлөрдү (фонддорду) институтка тартып келүү иштери колго алынсын (административдик-чарба иштери боюнча проректор Б. Исаевге директор У.Т. Керимовго жүктөлсүн);***

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунда 2023-2024-окуу жылы 7 компьютердик класс, бир сервер кабинети, бир кичи залы оңдоо түзөөдөн өттү. Университеттен тарабынан 25 компьютер, 4 принтер, бир панель экран менен камсыздалды. Ошондой эле сырттан 310 аудиториясына Д.Карагулов атындагы информатика боюнча ОМК деп аталып, оңдоо түзөөдөн өтүп, бир 65 дюймдагы Windows экран, 2 ролл-шторы, бир парта менен (650 000 сом) камсыздады.

***6. Окуу сапатын жогорулатуу максатында окуу китептерин сатып алуу, электрондук окуу- усулдук көрсөтмөлөрдү түзүү, IT-лабораториясынын структурасын кенейтүү иштери күчөтүлсүн (административдик-чарба иштери боюнча проректор Б. Исаевге жүктөлсүн);***

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун IT-лабораториясынын 4 студент иш алып барат. Алар азыркы учурда Ardunio, робот техникасы жана 3D моделдөө боюнча эмгектенишүүдө. 2024-2025-окуу жылына лазердик станок алынды, бул станок менен графика сабактар боюнча жыйынтык чыгаруу үчүн, ошондой компьютердик программалар аркылуу жыгач, айнек, калай (жумшак темир) боюнча иш жүргүзүлөт. 2025-2026-окуу жылына IT-парк ачуу сунушталууда. Бул ишти Сунгщиль университети менен иш алып барууга көздөп жатабыз. 2024-2025-окуу жылына 49 атылыштагы IT багытына тиешелүү окуу китептерин алууга университеттин окуу методикалык кеңешине сунушталды.

***7.STEM боюнча профессордук-окутуучулар курамында чет тилдерин окуп үйрөнүү иштери жайылтылсын жана англис тилдүү тайпалар кошумча ачылсын (Окуу иштери боюнча проректор Талантбек Курманбек уулуна, директор У.Т.Керимовго жүктөлсүн);***

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун профессордук-окутуучулар жамаатынан 2023-2024-окуу жылы STEM программасы боюнча Бузурманкулова А.А., Жолборсова А.Ж., Кашкароева А.А. 3 окутуучу окушту. Ал эми 2024-2025-окуу жылына Эсенгулов У.А., Бузурманкулова А.А., Жолборсова А.Ж.,

Сейдрахманова С., Токтотемирова Б.Ж. “Лингва” окутуу боруна катталышып, окуусу башталды.

Ошондой Колдонмо информатика кафедрасынан Смайылбек кызы Ч. Англис тили боюнча “Oxford” окутуу борборунан окуп жатат. Англис тилдүү тайпаларды ачуу үчүн окутуучуларды даярдоо иштери жүрүп жатат. Институтта 1-курстан 4-курска чейинки күндүзгү окууган бакалавр 488 студенттердин ичинен 47 англис тилди билген студенттер бар.

***8. Жакынкы жана алыскы чет мамлекеттердин жогорку окуу жайларында жана илимий мекемелерде академиялык мобилдүүлүк иштери күчөтүлсүн (Окуу иштери боюнча проректор Т. Курманбек уулуна, директор У.Т.Керимовго жүктөлсүн).***

**Аткарылышы:** Жаңы маалыматтык технологиялар институту чет мамлекеттердеги жогорку окуу жайлар менен байланышы:

Институт бүгүнкү күнгө чейин түзүлгөн келишимдин негизинде:

1. З.Алдамжар атындагы Костанай Социалдык Техникалык Университетинин Жарчысыда редколлеги катары Б.И.Бийбосунов иш алып барууда, ошондой илимий конференцияларына катышууда жана окутуучулардын макалалары жарыяланды.
2. М.Х.Дулати атындагы Тараз аймактык университетинин профессору М.Б.Тлебаев конок лекциясын 2-3 жолу институттун студенттерине окушту. Ал университетке биздин студенттер өндүрүш практикага барышмак, каржы себептеринен улам баруудан баш тартышты, келэрки жылга пландалууда. Бирок 25-апрелге эл аралык IT форумга катталышты, келип катышууга пландаштырууда.

2024-2025-окуу жылы боюнча

- АК «К.Кулжанов атындагы Казак технология жана бизнес университети» менен 3 жылга мемарандум түзүлдү.
- StrategEast Жаңы Экономика борбору – эл аралык каржы институттары, өнүктүрүү агенттиктери, глобалдык технологиялык компаниялар жана Евразия боюнча өкмөттөр менен өнөктөштүктө Евразиянын санариптик экономикасын өнүктүрүүгө багытталган алдыңкы көз карандысыз институт.StrategEastтин президенти Анатолий Моткин менен келишим институт менен түзүлдү.
- Өндүрүштүк практика боюнча Толубай БАНК менен келишим түзүлдү.
- Ташкенттин текстиль жана женил өнөр жай институту менен меморондум түзүү 25-апрелге болжонууда
- К.И. Сатпаева атындагы Казак улуттук изилдөө техникалык университети менен меморондум түзүү 25-апрелге болжонууда.

Институтта мобилдүүлүк боюнча 2023-2024-окуу жылы А.Ж.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин студенти Бугубаева Наргиза күзгү 7-семестрде окуп, жыйынтыктап зачеттук баракчасын алып кетти.

2023-2024-окуу жылы Баткен мамлекеттик университетинен алдандагы Кызыл-Кия гуманитардык-педагогикалык университетинин студентти Исмаилова Роза жазгы 6-семестрин окуп, жыйынтыктап зачеттук баракчасын алып кетти.

Институттун 2-курсунун “Маалыматтык технологиялар” программасынын магистранты 2023-2024-окуу жылынын ноябрь айында Хайткулов Данияр North American University (NAU) Стаффорд, Техас, США бир айлык окууга барып, квалификациясын жогорулатып келди.

2023-2024-окуу жылы инситутунун 2-курстун «Программдык инженерия» багытынын ПИН-22-22, ПИН-21-22 тайпаларынын студентери университет менен JICA уюму менен болгон келишимдин негизинде кызматташтык мамилелерин артыкчылыктуу иш алып барууда. 2023-жылдын 21-декабрь айынан бери Япон таану институту менен биргеликте уюштурулган япон тили боюнча Жылдыз Буланова 2-курстун 11 студентине сабак өтүп, азыркы окуу жылында дагы улантылып жатат.

Институтта 2023-2024-окуу жылы англистилдүү 1-курстун студенттерин топтоп, англис тилинде семинар, дебат уюштурууда, максаты эл аралык академиялык мобилдүүлүктү арттыруунун негизде уюштурулду.

Институтун 2023-2024-окуу жылы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы Нарын педагогикалык колледжинин студенттери 2024-жылдын 02-апрелинен 2024-жылдын 8-майына чейин академиялык мобилдүүлүк боюнча 1 айлык окуусун ийгиликтүү аякташты. Алар институттун Арстанбекова Амина, Турдубекова Аида ПОВ-11-23 тайпасында, Бегалиев Байхан ПИ-122 тайпасында окуусун улантышты. Ошондой эле академиялык мобилдүүлүк алкагында ыраазычылык кат тапшырылды.

Жаңы маалыматтык технологиялар институтунун ОшМУ нун 85-жылдык маарекесине карата 2024-жылдын 12-апрель өтүп жаткан эл аралык StudEXPO-2024 Computer Science and Design аттуу студенттик көргөзмөгө катышууда. Студенттер 4 проект боюнча 11 студент катталышып, Ош мамлекеттик университетине 4 окутуучу жетектеп жана 4 проекти аткарган 11 студенттен 3 секция боюнча катышып, жакшы ийгиликтер менен келишти.

1. ИНИТтин веб-сайттын жана мобилдик тиркемесин иштеп чыгуу:
44 проект (катышуучудан) 3-орун
2. Туристтер үчүн веб-сайттын жана мобилдик тиркеме иштеп чыгуу:
44 проект (катышуучудан) Мыкты проект номинациясы
3. Кыргыз тилинде колдонмо дептерлердин дизайнын жасоо:
10 проект (катышуучудан) 2-орун
4. E-farm

Студенттерди жетектеп институттун директору У.Т.Керимов У.Т., окутуучучулар Мукудин уулу Кубан, Токтомуш уулу Баян, А.Масиянова ж.б.лар барышты. Иш чара ОшМУ нун математика,физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунда уюштурулду.

2024-2025-окуу жылы институттун 3-курсунун «Программдык инженерия» багытынын ПИН-3-23 тайпасынын студенти Касымов Тимур академиялык мобилбүүлүк

боюнча Кароли Эстерхази атындагы католик университетинде (Венгрия) 3-семестрди окуп жатат.

Институтта 2024-2025-окуу жылы 2024-жылдын 2-декабрынан JICA уюмунун волонтёру Хирой Хенесуке 3-курстун «Программдык инженерия» багытынын ПИН-21-22, ПИН-22-22 тайпаларынын студенттерине робототехника боюнча сабак өтүүдө.




2024-2025-окуу жылы колдонмо информатика кафедрасынын окутуучусу PhD докторантуранын 2-курсунун докторанты Мукидин уулу Кубан И.Жансогуров атындагы Жетысуу университетинде 2024-жылдын 9-декабрынан 2024-жылдын 23-декабрына чейин илимий стажировкасын өтөп келди.

